Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары" деген темадагы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясына расмий оппоненттин

## ПИКИРИ

Диссертациялык иш – кыргыз адабиятында терең, системалуу изилдөөгө алынбаган темаларынын бирине кайрылган иш. Эпистолярдык жанрдагы чыгармалар – толугу менен каттардан же күндөлүк жазуулардан турган чыгармалар. Жанр антикалык доордон баштап, бүгүнкү күнгө чейин актуалдуу, себеби кат аркылуу каармандардын жан-дүйнөсүн, психологиялык абалын, керек болсо, окуя кандай жыйынтыкталаарын болжолдосо да болот. Ошондуктан, байыркы доордон бери кат жазуу жанры коом тарабынан өзгөчө талап кылынгандыктан, байыркы ойчулдар катты ийгиликтүү түзүүнүн негизги эрежелерин сунушташкан жана диссертант да аны өз ишинде (30-33-беттер) белгилеген. Дүйнөлүк адабият таануу илиминде эпистолярдык жанр байма-бай изилдөөгө алынып, ал эми кыргыз адабиятында бул жанрга карата солгун мамиледен улам бул тема изилдөөгө муктаж, актуалдуулугу бар экендигин диссертация далилдеп турат. Тема актуалдуу болгондуктан иштеги көтөрүлгөн маселелер да учур талабына шайкеш келет.

Диссертация киришүүдөн, үч бап, алты параграфтан, корутунду жана колдонулган адабияттардын тизмесинен туруп, иштеги жалпы жыйынтыктар менен сунуштарды системалуу кароого жана түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Иштин көлөмү 177 бет.

Киришүүдө ишке жалпы мүнөздөмө берилип, теманын актуалдуулугу, максаттары, милдеттери, жаңычылдыгы, методологиясы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор жана диссертациялык иштин апробацияланышы берилген.

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 41/04-8
«16» 09 2024 г.

Биринчи бап **“Эпистолярдык форманын илимий-теориялык негиздери”** деп аталып, эки параграфтан турат да, эпистолярдык форманын тарыхый эволюциялык жолун караган. Форма катары калыптануусуна кеңири маани берилип, анын стилдик өзгөчөлүгүнө, философиялык маңызына, калыбына, түзүлүшүнө токтолуп, теориялык жагына басым жасап, “Антикадагы эпистолография” өңдүү антикалык булактарга кайрылып, өз тыянак, корутундуларын чыгарууга аракет жасаган. Мындан сырткары эпистолярдык чыгармалардын өнүгүү этаптарына: антикалык доордогу өнүгүүсү, орто кылымдагы, кайра жаралуу доорундагы, XVIII кылымдан бери келе жаткан тарыхына токтолуп, ар бир доордун эпистолярдык жанрына талдоо жүргүзгөн. Ушул эле бапта эпистолярдык жанрдын өзгөчөлүктөрүн чагылдырган абдан көп илимий-теориялык булактарга токтолгону диссертанттын теориялык жактан терен билимге ээ болгондугун айгинелеп турат. Дүйнөлүк адабияттын алкагында кыргыз адабиятына да басым жасап, К.Артыкбаевдин, К.Асаналиевдин, С.Мусаевдин, А.Эркебаевдин, С.Жигитовдун, О.Ибраимовдун ж.б. эмгектерине токтолгон.

Биринчи баптын “Эпистолярдык форманын генезиси, классификациясы, жанрдык табияты” деп аталган параграфында каттын эволюциялык жолунда предметтик, түйүндүү каттар, пиктограммалар, клинопистер, Цицерондун, Е.И.Прохоровдун классификациялары тууралуу сөз болот. Эпистолярдык форма, эпистолярдык жанрдын архетиби болгон кат тууралуу маалыматтарга көбүрөөк токтолгон.

Диссертациялык иштин экинчи бабы **“Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башат-булактары”** деп аталат. Кыргыз адабиятында эпистолярдык форма “Манас” эпосу баштаган элдик эпостордо (“Эр Табылды”, “Саринжи, Бөкөй”, ) колдонулаарын айтып, мисалдарды келтирет. Фольклордон баштап, орток түрк мурастарына токтолуп, жазгыч акындардын чыгармачылыгына, өзгөчө, Казыбектин чыгармачылыгына кеңири токтолгон. Ал эми экинчи параграфында адабий каттар тууралуу сөз

кылат да, тарыхка кайрылып, Кытай архивиндеги кыргыз кагандарынын каттарын Макелек Өмүрбайдын эмгектери аркылуу талдаган. Мындан сырткары, жазуучулар М.Элебаевдин, А.Токомбаевдин, А.Осмоновго тиешелүү каттар каралган.

Иштин **"Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын көркөм функциялары"** деп аталган бапта кат формасындагы лирикалык чыгармалар талдоого алынган. А.Тотомушевдин "Какшаалдан кат" поэмасы, Б.Сарногоевдин "Мидинге кат" жана Э.Ибраевдин "Мидинден кат" сатиралык поэмасы тууралуу баяндап келип, проза жанрындагы К.Эсенкожоевдин "Үчүнчү шар", Р.Шүкүрбековдун "Салам кат", Ч.Айтматовдун "Саманчынын жолу", "Биринчи мугалим", "Жамыйла", "Кассандра тамгасы" романдары талданып, бул чыгармалардагы каттын формасы, түрү аныкталган. Ушул бапта башка чыгармаларга караганда, Ч.Айтматовдун жогорудагы повесть, романы жана У.Абдукаимовдун "Майдан" романындагы Чынаркандын каттарынын маани-мазмуну каарманды баардык жагынан ачып берүүдө кандай роль аткарганы, бөтөнчө, 137-бетте каттардын көркөм чыгармалардагы колдонулуу өзгөчөлүктөрү айтылып, кеңири талданыптыр.

Негизи диссертант А.Ш.Ажыбаевдин филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары" аталган диссертациялык ишинде койгон төмөнкүдөй милдеттер:

- ✓ Эпистолярдык форманын изилдениш тарыхына байланыштуу эмгектерди анализдөө.
- ✓ Эпистолярдык форманын жанрдык аныктамаларын, жеке өзүнө таандык белгилерин, түрлөрүн жана өнүгүү тарыхын талдоого алуу.
- ✓ Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын генезисин, өнүгүү багыттарын талдоого алуу.
- ✓ Жеке адабий каттардын спецификасын, өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү.

- ✓ Кыргыз адабиятынын поэзия, проза жанрындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын талдоого алуу.
- ✓ Кыргыз адабиятынын жанрындагы эпистолярдык форманын функцияларын анализдөө сыяктуу алдыга коюлган милдеттери изилдөөнүн обьектиси катары кеңири иликтенип, илимий маалыматтарга негизделген төмөнкүдөй **ишенимдүү жыйынтыктар** (арасынан тандалып алынды) чыгарылган:

1. Кат менен жазуунун пайда болушу – бири экинчисин толуктаган, тарыхый-мазмундук байланышы бар көрүнүштөрдөн экендиги аныкталды. (45-б.)
2. Адабий каттар – калемгерлердин чыгармачыл өмүрүндөгү урунттуу учурларды, башка авторлор менен болгон мамилелерди, чыгармачыл байланыштарды көрсөтүүгө жөндөмдүү. (79-б.)
3. Адабияттын проза жанрындагы эпистолярдык форма эки мааниде чечмеленип, адабий каттар жана ойдон чыгарылган каармандардын каттары деп бөлүнөт. (153-б.)

Жалпысынан диссертациялык иштин жазылуу стили, теманы кеңири ачып берүүгө болгон аракети, койгон изилдөө максаттарын далилдөөсүн колдоого алсак болот. Авторефераты болсо диссертациялык иштин мазмунун толук чагылдырып берет.

Ал эми иште изилдөөгө дагы да ала турган айрым жагдайлар туурасында сөз кыла турган болсок, алар төмөнкүлөр:

1. 2-баптын "Жеке адабий каттардын спецификасы" деп аталган экинчи параграфы кеңири иштелбей калган. Изилдөөчү тарабынан адабий каттардын эки түрү белгиленгени жакшы. Бирок жазуучулар арасындагы, жазуучу менен адабиятчылардын арасындагы жазышкан каттар адабиятчылар арасында кыргыз адабиятынын тарыхындагы айрым маселелерди тактоого жардам бере тургандыгы менен кызыгуу жаратат. Ошондуктан адабий каттардын спецификасын аныктоодо

мисалдары жеткиликтүү берилген эмес. Дүйнөлүк адабиятта жазуучулар чыгармаларындагы сюжеттик линияларды, же каармандарды иштеп чыгууда кандай кыйынчылыктары же таасирлери болгонун бөлушкөндөрү белдгилүү. Кыргыз адабиятында андай учурлар жок эмес. Ошондуктан, экинчи баптагы жыйынтыкта “Адабий каттар – автордун жан-дүйнөсүн таанып билүү, биографиялык маалыматтарга толуктоо киргизүү, айрым чыгармалары тууралуу мурда белгисиз болгон фактыларга ээ болуунун эң ишенимдүү булагы катары каралууга тийиш” деп жыйынтык чыгарганы менен жыйынтыкка чейинки изилдөө жетишпей калган.

2. Эпистолярдык форманын көркөм чыгарманын сюжеттик-композициялык түзүлүшүндө аткарган ролу, окуянын жүрүшүндө ал каттардан мурунку жана кийинки абал, каармандардын бейнесин тартуудагы жардамы ж.б.у.с.маселелерге кайрылбастан чыгармадагы каттын түрү, кандай катка кирери көп айтыла берген.
3. Эпистолярдык жанр менен эпистолярдык форманын чеги так аныкталбаган.

Жогорудагы алешемдиктерди изилдөөчү кийинки иликтөөлөрүндө да улантат деген пикир менен корутундулай турган болсок, Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин “Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары” деген темадагы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясына КР ЖАК тарабынан коюлган талаптарга жооп берет жана анын автору 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент,
филология илимдеринин кандидаты,
доцент Казакова Н.А.